**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2016-жылдын 4-чейрегиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы




Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2016-жылдын IV чейреги үчүн ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 7,9 пайызга көбөйүү менен 142,6 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын IV чейрегинде 1,6 пайызга көбөйүү байкалган). 2016-жылдын IV чейрегинде реалдуу ИДӨнүн өсүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,0 пайызды (2015-жылдын IV чейрегинде төмөндөө – 1,8 пайызды) түзгөн. Мында ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр жай (4,6 п.п), кызмат көрсөтүүлөр (1,8 п.п.), курулуш (0,9 п.п.) жана айыл чарба секторлору кошкон (0,6 п.п.).

2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)




Ошентип, 2016-жылдын IV чейрегинде банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырмалуу 2,9 эсе, 1,7 млрд сомго чейин өсүшү байкалган (2-график). Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында төлөмдөрдүн багыттоо түрлөрү боюнча анын көлөмүнүн динамикасына талдап-иликтөөлөр, банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өсүшүнө, банктык операциялар боюнча төлөмдөр көлөмү (185,0 п.п.), негизинен автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу (баалуу кагаздар, кредиттер жана чет өлкө валютасы менен операциялар) ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр көлөмү кошкондугун көрсөткөн.

Отчеттук мезгил ичинде багыттоо түрлөрү боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбостон, төмөнкүдөй түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар мурдагыдай эле 93,8 пайызды түзүп негизги үлүштү ээлеген, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 4,0 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдер жана милдеттенмелери боюнча төлөмдөрү 2,2 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 45,4 пайызда, ал эми чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 38,8 пайызда калыптанган, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер менен ишке

3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн сом)




*2013-жылдын сентябрь айынан тартып методологияга карата өзгөртүлгөн ыкманын негизинде эсептелинген көрсөткүчтөр келтирилген

ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр 15,8 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жүгүртүлүшүнүн номинал боюнча суммардык көрсөткүчү 2016-жылдын IV чейреги ичинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 4,9 пайызга көбөйүү менен 67,7 млрд сомду түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда бул көрсөткүч 3,0 пайызга көбөйгөн). Бюджеттик төлөмдөр жүгүртүлүшүнүн өсүшүнө негизги салымын мамлекеттик бюджеттин төлөмдөрү кошкон (2,1 пайыз). 2016-жылдын IV чейрегинде мамлекеттик бюджеттен каралган төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү 4,7 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн деңгээлинин өсүшүнөн улам келип чыккан (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү 5,6 пайызды түзгөн). Ошентип, 2016-жылдын IV чейрегинде бюджеттин жалпы кирешеси 2015-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу 1,3 пайызга өскөн.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы 2016-жылдын IV чейреги ичинде, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10,3 пайызга төмөндөө менен 42,9 млрд сомду түзгөн. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде банктар аралык төлөм системасы аркылуу жүзөгө ашырылган мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2015-жылдын IV чейрегине салыштырганда 4,1 пайызга көбөйгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда төлөмдөр көлөмү 19,1 пайызга өскөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2016-жылдын IV чейреги үчүн 98,4 пайызды түзгөн, 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,3 пайызга азайган (2015-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,7 пайызда калыптанган).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн (млн сом) | | Берилген (млн сом) | | Кайтарымдуулук (пайыздар) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015-ж. IV чейреги | 2016-ж. IV чейреги | 2015-ж. IV чейреги | 2016-ж. IV чейреги | 2015-ж. IV чейреги | 2016-ж. IV чейреги |
| Бишкек шаары | 133 506,1 | 148 584,6 | 128 933,5 | 145 624,1 | 103,5 | 102,0 |
| Баткен областы | 15 242,5 | 16 201,2 | 15 466,9 | 16 306,2 | 98,5 | 99,4 |
| Жалал-Абад областы | 30 950,1 | 35 012,8 | 33 223,4 | 38 241,8 | 93,2 | 91,6 |
| Ысык-Көл областы | 14 299,8 | 17 024,0 | 15 113,4 | 18 007,5 | 94,6 | 94,5 |
| Нарын областы | 6 288,6 | 7 375,8 | 7 088,2 | 8 241,1 | 88,7 | 89,5 |
| Ош шаары | 40 132,6 | 42 877,9 | 40 000,9 | 44 037,7 | 100,3 | 97,4 |
| Ош областы | 14 502,8 | 19 304,7 | 14 707,1 | 19 260,7 | 98,6 | 100,2 |
| Талас областы | 7 617,8 | 9 731,3 | 8 818,4 | 11 400,3 | 86,4 | 85,4 |
| Чүй областы | 30 459,9 | 32 354,6 | 30 472,8 | 32 540,8 | 100,0 | 99,4 |
| **Бардыгы** | **293 000,2** | **328 466,9** | **293 824,6** | **333 660,2** | **99,7** | **98,4** |

2015-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу 2016-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун өсүшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:

- Ош областы боюнча 1,6 пайызга;
- Баткен областы боюнча 0,9 пайызга;
- Нарын областы боюнча 0,8 пайызга.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун төмөндөшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:



4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (пайыздарда)

- Бишкек шаары боюнча 1,5 пайызга
- Талас областы боюнча 1,0 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 1,6 пайызга;
- Ош шаары боюнча 2,9 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча 0,1 пайызга;
- Чүй областы боюнча 0,6 пайызга.

2016-жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары 102,0 пайызды жана Ош областы боюнча – 100,2 пайызды түзгөн. Ош шаары боюнча кайтарымдуулук 97,4 пайызды түзгөн. Ал эми анын эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областында 85,4 пайызда калыптанган.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2016-жылдын IV чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 328 466,9 млн сомду түзгөн, ал эми 2015-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу ал 12,1 пайызга көбөйгөн.

Негизги булактар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын келип түшүшү төмөнкүчө түптөлгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 139 006,4 млн сом келип түшкөн, көбөйүү 10,3 пайызды түзгөн (2015-жылдын IV чейреги үчүн – 126 013,0 млн сом);
- товарларды сатуудан – 17 844,2 млн сомду түзгөн, төмөндөө 4,4 пайызда калыптанган (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 18 671,8 млн сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 42 411,7 млн сомду түзгөн, көбөйүү 50,8 пайызда калыптанган (2015-жылдын 4-чейреги үчүн –28 127,6 млн сом);
- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 23 397,1 млн сомду түзгөн, төмөндөө 0,6 пайызда калыптанган (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 23 531, 2 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдөн жана аткарылган иштерден – 24 832,0 млн сомду түзгөн, көбөйүү 22,2 пайызда калыптанган (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 20 320,3 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан нак акчанын келип түшүшү – 21 056,4 млн сомду түзгөн, төмөндөө 11,1 пайызда калыптанган (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 23 681,6 млн сом).

**5-график. 2015-жылдын 4-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына келип түшкөн акча каражаттардын негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2016-жылдын 4-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына келип түшкөн акча каражаттардын негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчанын берилиши 2016-жылдын IV чейреги үчүн 333 660,2 млн сомду түзгөн, бул 2015-жылдын төртүнчү чейрегине салыштырмалуу 13,5 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын IV чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүлөрдү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 140 922,9 млн сом берилген, көбөйүү 15,0 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн– 122 578,4 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 18 454,5 млн сом берилген, көбөйүү 24,2 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 14 858,6 млн сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 57 578,9 млн сом берилген, көбөйүү 29,7 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 45 434,9 млн сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 23 329,2 млн сом берилген, көбөйүү 2,3 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 22 791,9 млн сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 3 768,6 млн сом берилген, төмөндөө 0,02 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 3 769,5млн сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга 32 697,4 млн сом берилген, көбөйүү 8,0 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн – 30 280,8 млн сом).
- эмгек акыларды төлөөгө 2 181,3 млн сом берилген, төмөндөө 50,0 пайызды түзгөн (2015-жылдын 4-чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө 4 359,2 млн сом берилген).

**7-график. 2015-жылдын 4-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2016-жылдын 4-чейреги ичиндеги коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн сом)**




## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

- **Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы**

2016-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **35 980,6 млн сом** чегинде катталып:

– өткөн чейрекке салыштырганда 13,6 пайызга көбөйгөн;

– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 9,4 пайызга көбөйгөн.

2016-жылдын 4-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **924 205** төлөмдү түзүп:

– өткөн чейрекке салыштырганда 15,6 пайызга кыскарган;

– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга көбөйгөн.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**



- <u>**Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - эсептешүүлөрдүн гросстук системасы)**</u>

2016-жылдын IV чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **1 658 308,7 млн сомду** түзүү менен:

– өткөн чейрекке салыштырганда 17,2 пайызга көбөйгөн;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 197,0 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2016-жылдын IV чейреги ичинде **99 996 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

– өткөн чейрекке салыштырганда 17,8 пайызга көбөйгөн;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 6,3 пайызга азайган.




2-таблица. Клиринг жана гросс төлөмдөрүнүн саны жана көлөмү

| Мөөнөтү | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2015-ж. 4-ч | 883 304 | 32899,4 | 106 666 | 558 349,7 | 989 970 | 591 249,1 |
| 2016-ж. 1-ч | 809 090 | 23827,7 | 73 835 | 699 061,4 | 882 925 | 722 889,1 |
| 2016-ж. 2-ч | 942 394 | 31293,2 | 79 985 | 1 311 416,5 | 1 022 379 | 1 342 709,7 |
| 2016-ж. 3-ч | 942 394 | 31 293,2 | 79 985 | 1 311 416,5 | 1 179 679 | 1 446 842,0 |
| 2016-ж. 4-ч | 924 205 | 35 980,6 | 99 996 | 1 658 308,7 | 1 024 201 | 1 694 289,3 |

- **Банктык төлөм карттар рыногу**

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иш алып барып жаткан бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 17 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

<u>*Банктык төлөм карттар эмиссиясы.*</u>

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **1 615,7** миңди түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 14,5 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 34,8 пайызга өскөн.

Төлөм карттарынын бөлүштүрүлүшү түрлөрү боюнча төмөнкүдөй калыптанган:

- <u>**Эл аралык системалар 1 036 171 (64,1%):**</u>

- «Visa» 460 998 (28,5%);
- «Master Card» 14 470 (0,9%);
- «Золотая корона» (Россия) 547 479 (33,9%);
- «Union Pay International» 13 224 (0,8%);

- <u>**«Элкарт» улуттук системасы 579 582 (35,9%):**</u>

- «Элкарт» 560 093 (34,7%)
- «Элкарт-UPI» 19 489 (1,2%).

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны (%)**




3-таблица. Областар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Бардыгы (миң) | Үлүш (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 319 526 | 3 435 | 147 356 | 164 185 | 10 018 | 5 115 | 649 635 | 40,2 |
| Чүй областы | 19 898 | 2 248 | 62 576 | 55 466 | 1 238 | 1 536 | 142 962 | 8,8 |
| Ысык-Көл областы | 19 411 | 864 | 49 255 | 46 146 | 499 | 3 068 | 119 243 | 7,4 |
| Нарын областы | 7 002 | 720 | 37 765 | 38 890 | 0 | 1 148 | 85 525 | 5,3 |
| Талас областы | 9 544 | 627 | 18 370 | 24 170 | 384 | 2 073 | 55 168 | 3,4 |
| Жалал-Абад областы | 27 241 | 2 416 | 97 505 | 92 876 | 496 | 1 889 | 222 423 | 13,8 |
| Ош областы | 49 953 | 2 963 | 98 571 | 102 950 | 409 | 3 019 | 257 865 | 16,0 |
| Баткен областы | 8 423 | 1 197 | 36 081 | 35 410 | 180 | 1 641 | 82 932 | 5,1 |
| **Жалпы** | **460 998** | **14 470** | **547 479** | **560 093** | **13 224** | **19 489** | **1 615 753** | **100,0** |

*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2016-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 300 банкоматта жана 7 101 терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 5,1 пайызды же 64 банкоматты, ал эми терминалдардын – 17,3 пайызды же 1 047 терминалды түзгөн). Анын ичинен иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 537 банкомат жана 3 540 терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 378 банкомат, 1 667 терминал.

**13-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**14-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**



4-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны

| Региондун аталышы | Банкоматтар | Пос-терминалдар: | | Төлөм терминалдар |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек ш. | 611 | 4173 | 466 | 331 |
| Чүй областы | 102 | 524 | 137 | 61 |
| Иссык-Кульская область | 117 | 362 | 116 | 70 |
| Нарынская область | 47 | 51 | 50 | 21 |
| Талас областы | 44 | 43 | 44 | 32 |
| Жалал-Абад областы | 145 | 211 | 200 | 62 |
| Ош областы | 183 | 317 | 297 | 118 |
| Баткен областы | 51 | 30 | 80 | 41 |
| **Бардыгы** | **1 300** | **5 711** | **1 390** | **736** |

*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2016-жылдын 4-чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **35 273,4 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 18,5 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 21,2 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү 33 866,6 млн сом акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,0 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 19,2 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 21,1 пайызга көбөйгөн. Соода тейлөө ишканаларындагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 1 406,8 млн сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардан 3,9 пайызды ээлейт). Ишке ашырылган операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 11,0 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 33,7 пайызга көбөйгөн эле.

2016-жылдын 4-чейрегинде картты колдонуу аркылуу **6,9 млн ашуун транзакция** ишке ашырылган. Операциялардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 13,1 пайызга көбөйүп, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 16,9 пайызга өскөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген – 6 203,7 миң транзакция, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 89,9 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 14,0 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 16,0 пайызга көбөйгөн.

Соода тейлөө ишканаларында орнотулган терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 729,4 миң транзакцияны түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардан 10,5 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 12,4 пайызга көбөйгөн болсо, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25,8 пайызга өскөн.

- **Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу аркылуу ишке ашырылган. Мында банктар көбүнчө чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.

2016-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын 4-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 271,4 млрд сомду (бул көрсөткүч 2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда 17,2 пайызга көбөйүп, 2015-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу 2,5 пайызга азайган), ал эми чыгыш төлөмдөрүнүн жалпы көлөмү 296,9 млрд сомду түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегине

салыштырганда 16,2 пайызга көбөйүү, 2015-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 0,3 пайызга көбөйүү жүргөн).

- **Акча которуулар**

2016-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча эл аралык жана локалдык системалары аркылуу акча которуулар жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 40,6 млрд сом жалпы суммасында 1 794 735 түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 3,5 пайызга жана 8,6 пайызга азаюу жүргөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 30,3 пайызга жана 17,6 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 9,5 млрд сом жалпы суммасында 154 839 түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 5,0 пайызга азаюу жана 20,1 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2015-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 17,0 пайызга жана 20,1 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмдөрү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулардын жалпы көлөмүнөн 45,5 пайызын, ал эми чыгыш которуулардын жалпы көлөмүнөн 61,4 пайызын ээлеген.







Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2016-жылдын IV чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 168,9 млн АКШ доллар суммасында 200 806 түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 14,9 жана 1,1 пайызга азаюу жүргөн; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 23,9 пайызга жана 11,6 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 65,2 млн АКШ доллар суммасында 53 746 түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 13,6 пайызга азаюу жана 15,1 пайызга көбөйүү байкалган; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 21,6 жана 23,4 пайызга көбөйүү белгиленген).

17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн сом)




18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн сом)




***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 3,2 млн евро жалпы суммасында 7 576 кириш которуу жүргүзүлгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 21,8 пайызга жана 17,0 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 37,6 пайызга жана 23,8 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 2,4 млн евро жалпы суммасында 1 459 түзгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 35,9 пайызга жана 13,8 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 2,8 эсеге жана 71,0 пайызга көбөйүү байкалган).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

2016-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча 24,5 млрд рубль суммасында 1 535 203 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 12,3 пайызга жана 4,8 пайызга азаюу белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 31,0 пайызга жана 18,2 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары 4,1 млрд рубль суммасында 95 033 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 1,0 пайызга жана 33,1 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 16,8 жана 20,9 пайызга көбөйүү жүргөн).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 126,7 млн теңге суммасында 2 333 кириш которуулар ишке ашырылган (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 19,0 пайызга жана 20,8 пайызга көбөйгөн; ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 11,0 пайызга жана 1,4 пайызга азайган). Чыгыш которуулар 143,6 млн теңге суммасында 966 төлөм жүргүзүлгөн (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 12,2 жана 13,8 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 1,6 эсе жана 1,5 эсе көбөйүү байкалган).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

2016-жылдын IV чейреги ичинде 705,4 млн сом суммасында 48 817 кириш которуулар ишке ашырылган (2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 8,0 жана 36,9 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,6 эсе жана 22,1 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 103,9 млн сом суммасында 3 635 түзгөн. 2016-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 0,3 эсеге жана 0,4 эсеге азаюу байкалган; ал эми 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 0,5 эсе же 82,4 млн сомго жана 0,7 эсе же 1 692 которууга азаюу белгиленген.